"Бекитемин"

№11 Саймалуу-Таш жалпы

билим берүүчү орто мектебинин директору:

_______________ Б.Аалиев

___5___09_______ 2023-жыл

**№11 саймалуу-Таш атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн ички эмгек тартиби**

1.Мектепте 5 күндүк жумуш убактысы менен жүргүзүлөт.

2.Баардык сабактардын расписаниелери мугалимдердин шартына жараша,мектептин мүчөлөрүнө жараша түзүлүшү керек.

3.Мугалимдер сабак башталаардан 15-20-минута эрте келип,завуч менен сабактын планын,көрсөтмө куралдарын,журналдардын абалы менен эсептешип сабакка уруксат алуусу керек.

4.Дежур мугалим,тарбия иштеринин уюштуручусу ар күнү окуучу сабакка даярдыгы,катышуусу,кечигүүсү жөнүндө сабак башталаардан мурда текшерип чыгуу.

5.Тарбия завуч күнүгө сабакка канча окуучу келгенин,келбеген окуучунун себебин аныктап директорго маалымат берип туруусу керек.

6.Мугалимдер жүйөлүү себептер менен уруксат сураса директордун наамына арыз жазылып,окуу бөлүмүнө сааттарын кайсы мугалимдер менен алмаштырууну чечип,ал мугалимдерге тапшырылгандан кийин уруксат берилет.

7.Мугалим ооруп эмгекке жарамсыздык баракчасына чыкканда окуу бөлүмүнө бир кун мурда билдирип,сааттары окуу бөлүмү тарабынан алмаштырылышы керек,эгер ал окуу бөлүмүнө билдирбей койсот прогул болуп эсептелери закон ченемдүү болушу керек.

8.Окуучулар окуучулук эрежесин ондоно бузганда предметтик мугалимдер,класс жетекчилер тарабынан катуурак талап коюу керек.

9.Өспүрүмдөр уюмунан,китепканачыдан,завхоздон,техперсоналдардан негизги сааттык жумуш күнү талап коюусу зарыл.

10.Мектептин инвентарлары класс жетекчилер,кабинет башчылар,завхоз,окуу бөлүмүнүн башчысы,тарбия завуч,предметтик мугалимдер тарабынан катуу көзөмөлдөнүп,мугалимдер,окуучулар тарабынан зыян келтирилсе,калыбына келтирүүнү ошол күнөөлүү адамга

Scanned by TapScanner

жүктөп  кыйшаюусуз аткаруу керек.Окуучу менен класс жетекчинин ортосунда келишим түзүлүү керек.

11.Сабак учурунда мектептен сырткары жумуштарга жумшоого тыюу салынат.

12.Сабак учурунда  коопсуздукту сактоо боюнча физика,химия,кол эмгек,дене тарбия мугалимдери менен бирдикте класс жетекчилер түшүндүрүү иштерин  жүргүзүп туруу зарыл.

13.Ар бир класста бурч,аптечка уюштурулуп,анын эрежелеринин сакталышына башкача айтканда  класс жетекчилер жооп бериши керек.

14.Мугалим жүйөлүү себеп менен бир күнгө гана жооп берет,эгер андан ашса,отпусканын гана эсебинен берилет.

15.Сабак учурунда уюлдук телефонду өчүрүү керек,сүйлөшпөш керек,ага алаксып сабакка тоскоолдук жаратылат.

16.Техничкалар күнүгө 8 сааттык жумуш убактысында иштейт.

17.Дежур мугалим бир күндүк  дежурствосун так аткарбаса,тарбия завуч тарабынан көзөмөлдөнүп,акт түзүлүп, 2күнгө турууга милдеттендирилет.

18.Саат 18-30 да дежур мугалим кароолчуга өткөрүп берет.

19.Олимпиада,аккредитацияга,ОРТга  жүгүртмө түзүп өз убагында өткөрүү.

20.Мектептеги,сырттан келген иш чараларга активдүү катышуу,өз убагында маалымат берип туруу.

Scanned by TapScanner